КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛУСУ
ДЕПУТАТТАРДЫН СҮЛҮКТҮ ШААРДЫК
КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
СУЛЮКТИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ
КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ

**Сүлүктү шаардык кеңешинин (жетинчи чакырылышы) кезексиз XVII сессиясы**

**Токтом № 61**

**Сүлүктү шаары** **29.09. 2022-жыл**

**Ата-Мекенди коргоодо каза болгон Баратов Нурбек Екубжоновичтин ысмын Сүлүктү шаарындагы жаңыдан бүтүп жаткан спорт комплексине ыйгаруу жөнүндө**

Сүлүктү шаардык мэриясынын 2022-жылдын 27-сентябрындагы №01-7/1708 сандуу 16-сентябрь 2022ж. Кыргыз Тажик чек арасында болгон каргашалуу окуяда Ата-Мекенди коргоодо каза болгон Баратов Нурбек Екубжоновичтин ысмын Сүлүктү шаарындагы сунушталган объекттерге коюуга макулдук берүү жөнүндөгү каты тууралуу шаардык кеңештин мыйзамдуулук, депутаттык этика, регламент, жергиликтүү сыйлыктар жана жергиликтүү жамааттар менен байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын сунуштарын эске алып "Сүлүктү шаарынын жамаатынын жергиликтүү сыйлыктарын ыйгаруу боюнча Жобосуна" ылайык Сүлүктү шаардык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. 2022-жылдын 16 сентябрындагы Кыргыз Тажик чек арасында болгон каргашалуу окуяда Ата-Мекенди коргоодо каза болгон Баратов Нурбек Екубжоновичтин ысмын Сүлүктү шаарындагы жаңыдан бүтүп жаткан спорт комплексине ыйгарууга макулдук берилсин

2. Баратов Нурбек Екубжоновичтин ысмын Сүлүктү шаарындагы жаңыдан бүтүп жаткан спорт комплексине ыйгарууга тиешелүү жумуштардын аткарылышын камсыз кылуу жагы шаардын мэри М.Кадыркуловго милдеттендирилсин

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Сүлүктү шаардык кеңешинин мыйзамдуулук, депутаттык этика, регламент, жергиликтүү сыйлыктар жана жергиликтүү жамааттар менен байланыш боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн

Төрага: К.Мадаминов